**№ 10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин китепкана башчысынын 2021-2022-окуу жылына берилген бир жылдык анализи**

- **Окутуунун ресурстары**

| № | Жалпы китеп фондунун бөлүмдөрү | Окуу жылынын башындагы китептердин саны | Жыл ичинде келген китептердин саны | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуу китеби | 10968 | 191 | 11159 |
| 2 | Усулдук колдонмо | 1117 | 220 | 1337 |
| 3 | Көркөм адабият | 1142 | 28 | 1970 |
| 4 | Балдар адабияты | 1183 | 71 | 1254 |
| 5 | Жалпы китеп фонду | 15210 | 510 | 15720 |

2021-окуу жылдын башталышы менен китепкананын жылдык иш планы түзүлүп, мектеп администрациясы тарабынан бекитилип, анын негизинде иш жүргүзүлдү.

Окуу жылдын башында 537 окуучу билим алышып, мектеп фондундагы окуу китептерин бардык класстарга толугу менен таркатылып берилди. Методикалык жана колдонмолорду алган мугалимдердин саны 32.

Окуучуларга 5280 даана китеп таркатылды.

1-4-класс – 983

5-9-класс – 3608

10-11-класс – 689

Класстарды окуу китептер менен камсыздоо пайызы төмөндөгүдөй:

**1-4-класс** 71,23%

**5-9-класс** 88,91%

**10-11-класс** 60,44%

Мектеп боюнча 80,27%

Окуучуларды китепканага кызыктыруу максатында, ар кандай иш чаралар уюштурулуп, тарбиясы начар окуучулар менен иштөөдө мугалимдерге көмөк көрсөтүлдү.

23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнүнө карата “Кыргыз тили – мамлекеттик тил” деген темада дубал газета чыгарылды

Мектептин китеп фондусу боюнча Жаңы китеп программасына фонддогу китептер толук катталып Д-10 отчёту тапшырылып бүттү.

Декабрь айында 12-декабрь “ Улуттук адабият күнүнө” карата кыргыз тили жана адабияты мугалими Н.С. Калдинова менен биргеликте бурч уюштурулду.

Февраль айында китептердин тазалыгы текшерилип, окурмандарды тейлөө иши үзгүлтүксүз жүргүзүлдү. 23-февраль “Ата Мекенди коргоочулар майрамына” карата дубал газеталар чыгарылды.

“23-апрель – Китептин жана автордук укуктарды коргоонун дүйнөлүк күнүнө” карата апрель айындагы китеп жумалыгынын иш планы түзүлүп, “Китеп билим булагы, билим өмүр чырагы” – деген темада адабий кече, китеп жумалыгы

уюштурулду (китепканадагы иш чаралар, көркөм китептер, китепкананын иши, юбилярлардын чыгармалары, бурчтары)

Ар бир айда эки жолу китептердин сакталышы жана колдонулушу боюнча рейд жүргүзүп турабыз.Окуучуларга китептерди туура пайдаланып, абалын оңдоп түзөп, толуктап китепканага тапшыруусу эскерилип турат. Каникул мезгилинде окуш үчүн окурмандар көркөм адабияттар менен камсыз болушту. Мугалимдердин бир жылдык газета-журналдарга жазылуусу толук жүргүзүлдү.

Мектеп директору : Джанышбаева Ч.Т.

Китепканачы: Сартаева М.М.